Арзуу ыры
С: Калича Жакыпова
О: Догдурбек Акималиев

Арманды билгизбей көтөргөн,
Азыр мен сиз өтчү көчөдөн.
Алдымдан калчуудай жолугуп,
Апкаарып аргасыз өтөм мен.

Кайырма:
Бактылуу күндөрдү саматкан,
Багытым алыстап, жанашкан.
Күнөөлөйм ичимден негедир,
Күндөрдү эркимден адашкан.

Кусалык көңүлгө төшөлгөн,
Күндө мен сиз көчөдөн.
Кабактын алдына муң катып,
Карабай сиз жакты өтөм мен.

Кайырма:
Бактылуу күндөрдү саматкан,
Багытым алыстап, жанашкан.
Күнөөлөйм ичимден негедир,
Күндөрдү эркимден адашкан.

Айтылбас сезимден тажаган,
Арылбай ойдогу санаадан.
Кетсем дейм алыстап бул жерден,
Кезикпеш үчүн мен кайрадан.